**БЕКИТЕМИН**

А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин ректору, педагогика илимдеринин доктору, профессор Б.Б. Зулуев

_______________

«___»___________2025-ж.

**Кашкариева Миргул Абибиллаевнанын «Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары» деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациялык ишине**

## ЖЕТЕКТӨӨЧҮ МЕКЕМЕНИН РАСМИЙ ПИКИРИ

Диссертациялык иш Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин мектепке чейинки жана башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана усулу кафедрасында аткарылган.

Илимий жетекчи – педагогика илимдерининин доктору, профессор Чыманов Жеңишбек Арыпович

**1.Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Ааламдашуу процессиндеги өзгөрүүлөргө ыңгайлашкан адистерди даярдоо азыркы коомдун эң маанилүү милдеттеринин бири болуп саналат. Бул талап КР президенти Жапаров Садыр Нуркожоевичтин «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы»(2021), «Улуттук нарк тууралуу» (2022) жарлыктарында өзгөчө милдет катары бүт коомчулуктун алдына коюлган.

Натыйжада советтик түзүлүштөгү калыптанган мектеп, орто жана жогорку билим берүү тармактары бүгүнкү күндө гимназия, колледж, бакалавр, магистратура сыяктуу жаңы формаларды практикага киргизди.Мына ушундай тез өзгөрүп турган замандын агымында биздин өлкөдө да билим берүү, маданият, компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун теориялык негиздери боюнча Л.С. Выготский (2016), И.А. Зимняя (2003), А.А. Леонтьев (2002), А.К. Маркова (1990), Л.А. Петровская (2007) ал эми методикалык жактан С.Н. Барышникова (2006), В.Н. Мещерякова(2016), Н.М. Зорина (2020) ж.б. орус окумуштуулары тарабынан изилденип, бир катар маселелер чечилген. Бул маселеге өзбек педагог-окумуштууларынан С.Р. Шейхмамбетов (2015), Х.Б.

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 143 «16» 01 2025 ж/г

Бабажанов (2016), М.Х. Тохтаходжаева (2016) ж.б., тажик педагог-окумуштууларынан С.Н. Алиев (2015), Г.Р. Рахмонов (2007) ж.б., казак педагог-окумуштууларынан К.Б. Жаксылыкова (2016), У.Е. Мусабекова (2008), Р.А. Авакова (2003) жана башка кыргыз педагог окумуштууларынан И.Б. Бекбоев (2011), К.Д. Добаев (2012), С.К. Рысбаев (2014), М.Х. Манликова (2016), А.Ж. Муратов (2013), Ж.А. Чыманов (2013), В.И. Мусаева (2014) ж.б. кайрылып, өз изилдөөлөрүнүн максатына ылайык сөз кылышкан. Кыргыз тилин жана адабиятын окутууну инновациялоо, компетенттүүлүктөргө негиздеп жүргүзүү маселелери боюнча Б.М. Акматов (2016) жана А.С. Муканбетованын (2011) эмгектерин баса белгилөөгө болот. Ал эми кыргыз тилин экинчи тил катары жогорку окуу жайларында коммуникативдик багытта окутуунун методикасын К.А. Биялиев (2010) ар тараптуу изилдөөгө алып, докторлук диссертациялык ишин коргогон. Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда студенттердин тилдик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун лингводидактикалык негиздери М.М. Сыдыкбаеванын (2016) докторлук диссертациясында ошондой эле ЖОЖдордо кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда студенттердин коммуникативдик компетентүүлүктөрүн өнүктүрүүдө текст менен иштөөнүн методикасы З.Ж.Каразакованын (2012) кандидаттык диссертациялык ишинде каралган.

Колледж атайын орто кесиптик билим берүүчү окуу жайы катары 2000-жылдардын башынан тартып ачылып, Кыргызстандагы билим берүүчү, адистерди даярдоочу келечектүү мекеме катары таанылган. Орто кесиптик билим берүүчү окуу жайларында окууга болгон суроо-талаптар улам барган сайын өсүп, колледждердин көбөйүшү, даярдалуучу адистиктер да учур талабына ылайык улам арбып бара жатат. Ошентсе дагы колледждин окутуучулары менен аңгемелешип, пикир алышып, эксперимент жүргүзүп, иликтенген теманы колледжде окутууда төмөндөгүдөй карама-каршылыктар бар экендиги аныкталган:

- Колледждерде кыргыз тили боюнча 9-класс базасындагы биринчи курстардын окуу программалары, орто мектептин жогорку классынын окуу программасынан анча айырмаланбай тургандыгы;
- Колледждерде кыргыз тилин компетенттүүлүктөргө, айрыкча, коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары иликтенип практикага сунуш кылынбай келгендиги;
- Инновациялык технологиялар колдонулса да студенттердин коммуникативдик компетенттүүлүгү өркүндөтүлбөгөндүгү жана кыргыз тилин окутуу процессинде коммуникативдик компетенттүүлүк боюнча окутуучунун усулдук тажрыйбалары кеңейтилбегендиги ж.б.

**Жогоруда белгиленген маселелерди** чечүү үчүн, кыргыз тилин колледждерде окутуу процессинде студенттердин баарлашуу маданиятын арттыруу проблемаларын чечүү изилдөө иштин темасын: **«Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары»** деп алууну шарттаган.

**2. Изилдөөнүн натыйжаларынын негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүк даражасы, изденүүчүнүн диссертациясында жазылган тыянактары жана корутундулары.** Ишти жүргүзүүдө алдын ала аныкталып белгиленген методологиялык негиздердин алкагында предметтин, милдеттердин адекваттуу жолдорун комплекстүү изилдөө методдоруна таянып, проблеманы теориялык өңүттөн үйрөнүүгө, анализдөө жана синтездөө жолу менен жүргүзүлгөндүгүндө.

**3. Изилдөөдөн алынган натыйжалардын практикалык баалуулугу.** Колледждердин кыргыз тили сабагында коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары менен окутуу боюнча изилдөөлөр аныкталып, кыргыз тилин окутуунун предметтик стандарты менен окуу программасынын талаптарына ылайык келип, колледждердин кыргыз тили окутуучулары үчүн практикалык маселелерин чечүүгө арналып, конкреттүү сунуштарды берип, теманын негизиндеги сабактардын үлгүлөрүн көрсөтүп, окутуучуларга колдонууга сунушталган. Сунуштар кыргыз тили сабагынын дидактикалык мазмунун өркүндөтүүгө өз салымын кошо алгандыгы менен бааланат. Жыйынтыктар окутуу процессин өркүндөтүүгө көмөк көрсөтөт жана методисттерге окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду жакшыртууда ошондой эле окутуучуларга жогорку жана орто окуу жайларында курстук, дипломдук, магистрдик иш жаздырууда багыт берет.

**4. Изденүүчүнүн жеке салымы**. Изилдөөдөгү теориялык, методикалык жана практикалык маселелери толугу менен изденүүчү тарабынан жекече иштелген. Практикалык сунуштарды берүүдө илимий-методикалык эмгектерге таянуу менен изденүүчүнүн жеке тажрыйбасы да пайдаланылган. Коммуникативдүүлүктүн кыргыз тили сабагында колдонуунун ык-жолдору технологияларынын үлгүлөрү өз алдынча иштелген. Алынган натыйжалар, сунуштар боюнча сабактар изденүүчүнүн өзү тарабынан өтүлгөн жана анын сунуш кылган үлгүлөрү менен педагогикалык эксперименттик текшерүүлөрдөн өтүп, алынган жыйынтыктар боюнча иштин мазмунуна толуктоолор изденүүчү тарабынан өз алдынча иштелген.

**5. Изилдөөдөн келип чыккан корутундулардын ишенимдүүлүгү жана жыйынтыктарынын негиздүүлүгү**. Ишти аткаруу убагы белгиленген методологиялык таянычтарга негизделип, предметтин, милдеттердин

адекваттуу жолдорун комплекстүү изилдөө методдоруна таянып, проблеманы теориялык жактан үйрөнүп, талдоо жана топтоо жолу менен максатка жеткендигинде.

**6. Изилдөөдө төмөнкүдөй жаңы натыйжалар алынган:**

**Биринчи натыйжа:** Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутууну жаңы технологиялардын жардамы аркылуу сүйлөө кебин өстүрүүдө алардын коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун максаты, милдеттери, негизги багыттары аныкталган;

**Экинчи натыйжа:** «Тилдик компетенттүүлүк», «коммуникативдик компетенттүүлүк» түшүнүгүнө теориялык аспектиден анализ жүргүзүлгөн, кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутууда санариптик технологиялардын жардамы менен тилдик, коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн методологиялык негиздери, методдору көрсөтүлгөн;

**Үчүнчү натыйжа:** Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологияларын уюштуруунун жана өткөрүүнүн оптималдуу ыкмалары жана жолдору сунуш кылынган, бул багыттар боюнча окутуучулардын, методисттердин педагогикалык иш-тажрыйбалары жыйынтыкталган;

**Төртүнчү натыйжа:** Сунуш кылынган методикалык ыкмалардын жана жолдордун эффективдүүлүгүн аныктоо үчүн педагогикалык эксперимент жүргүзүлгөн жана анын жыйынтыктары сунушталган.

**7. Илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана корутундулардын негизденүү даражасы.**

Изилдөө ишинин натыйжалары бардык жактан негизделген. Диссертациянын максат жана милдеттерин чечүү үчүн адекваттуу изилдөө методдору пайдаланылган.

Колледждерде коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуу боюнча предметтик стандарттар, окуу программалары, окуу китептери, хрестоматиялар пайдаланылып, андан сырткары окутуунун методикасы боюнча көптөгөн эмгектери анализденген.

**8. Диссертациялык изилдөөдөн алынган илимий жыйынтыктардын, корутундулардын жана тыянактардын жаңычылдык даражасы.**

**1-жыйынтык** жарым жартылай жаңы, себеби кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутууну өнүктүрүү, калыптандыруу процессинде студенттерге жаңы усулдардын жардамы менен сүйлөөнүн, коммуникациянын болушун камсыз кылган

негизги технологияларды пайдалануунун мааниси, максаты, азыркы абалы иликтенген;

**2-жыйынтык** жаңы, себеби колледждердин кыргыз тил сабагында студенттердин коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн өстүрүүгө, өнүктүрүүгө багыттап үйрөтүүнүн методикалык негиздери иштелген;

**3-жыйынтык** жарым жартылай жаңы, себеби кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетентүүлүккө негиздеп окутууда жаңы технологияларды колдонуу аркылуу лингводидактикалык жактан компетенттүүлүктөргө негиздеп калыптандыруу боюнча илимий эмгектерди изилдөө жана колдонуу иш тажрыйбалары иликтенген.

**4-жыйынтык** жаңы, себеби кыргыз тилин колледждерде компетентүүлүккө негиздеп окутууда жаңы технологияларды колдонуу аркылуу студенттердин сүйлөө кебин өстүрүүдө ар түрдүү кырдаалдарда сүйлөшүү, маектешүү процессинде студенттердин маалымат алуучулук, тилдик, коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүдө окутуучулардын зарыл болгон педагогикалык-дидактикалык, психологиялык, эстетикалык, тилдик методологиялык негиздери иликтенген

**9.Алынган жыйынтыктардын ички бirимдигин баалоо.** Изилдөөдөн алынган натыйжалар тарыхый-логикалык жана методологиялык жактан системалуулугу, мазмундук тереңдиги, ырааттуулугу менен мүнөздөлөт. Диссертациялык иштин натыйжалары илимий-теориялык жактан далилдүү болуу менен кыргыз элинин салттык педагогикалык маданиятына жана эмпирикалык тааным тажрыйбасына негизделген, ар кандай деңгээлдеги илимий-практикалык конференцияларда, илимий-методикалык колдонмолордо апробациядан өткөн.

**10. Негизги жоболордун, корутундулардын жана натыйжалардын публикацияларда толук чагылдырылышы:** УАК талап кылган илимий-педагогикалык басылмаларда чагылдырылган; илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалган; сабактар, семинар-тернингдер өткөрүлгөн; педагогикалык эксперименттерде текшерилген.

**11. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Кашкариева Миргул Абибиллаевна тарабынан 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча жазылган «**Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары»** аттуу автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы коюлган изилдөөнүн максат жана милдеттерине дал келет.

**12.Диссертациянын мазмунунда байкалган айрым мүчүлүштүктөр:**Иште айрым компьютердик техникалык каталар кездешет.

Бирок белгиленген мындай мүчүлүштүктөр принципиалдуу мүнөзгө ээ эмес, алар изилдөөнүн жалпы деңгээлине таасир этпейт.

**13. Диссертациянын КРдагы УАКтын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү» Жобосунун 11-пунктунун талаптарына ылайыктуулугу.**

Кашкариева Миргул Абибиллаевнанын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясын өз алдынча аткарылган жана педагогика илими үчүн олуттуу мааниси бар изилдөө катары кароого болот.

Кашкариева Миргул Абибиллаевнанын **«Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары»** деген темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндө» жобонун №11 пунктуна ылайык коюлган талаптарына толук жооп берет. Кашкариева Миргул Абибиллаевнанын 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептөөгө болот.

Кашкариева Миргул Абибиллаевнанын **«Кыргыз тилин колледждерде коммуникативдик компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиялары»** деген темадагы диссертациясына пикир А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин педагогика жана психология, кыргыз тили жана адабияты кафедраларынын кенейтилген жыйынынын 2025-жылдын 9-январындагы отурумунда (протокол №5) каралды.

**Катышкандар:**

1. Зулуев Б.Б. - педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.01);
2. Сакиева С.С.- педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02);
3. Саттарова А.Т.-педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02);
4. Даминова И.Д. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01), ОшМПУнун педагогика жана психология кафедрасынын башчысы;
5. Келдибай кызы Майрам - филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.01.01), ОшМПУнун кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын башчысы;
6. Миңбаева К.Б.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
7. Касымбеков Э.А.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);

8. Байышова Г.Ж. -педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
9. Шербаева Ж.Р. - педагогика илимдеринин кандидаты, (13.00.02);
10. Акматова Ч.А.- педагогика илимдеринин кандидаты, (13.00.02);
11. Мадраимов С. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
12. Арынбаев Э.К.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02);
13. Токтосунова А. - филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.01.01);
14. Умарова Р.Н.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
15. Абдибалиев Э.А.-педагогика илимдеринин кандидаты (13.00.02);
16. Рахматуллаева М.Дж- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
17. Абдуллахамидова Б.Н.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);

**Отурумдун төрайымы,**
**педагогика жана психология**
**кафедрасынын башчысы,**
**п.и.к., доцент:** **И.Д. Даминова**

**Кыргыз тили жана адабияты**
**кафедрасынын башчысы,**
**ф.и.к., доцент:** **Келдибай кызы М.**

*И.Д. Даминованын жана Келдибай кызы Майрамдын*
*колдорун тастыктайм.*
ОшМПУнун кадрлар бөлүмүнүн башчысы: Кадыралиева А.Б.

Кыргыз Республикасы А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети Ошский государственный педагогический университет им. А. Мырсабекова КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

Дата поступления отзыва в ДС Д 13.23.673 16.01.2025 г
Уч. секр. Осмурбаева

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ
И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ